| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясы**

Орозбеков айылы 2024-жылдын 20-январы

# ТОКТОМ № 148

**2023-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын аткарылышы боюнча жайыт комитетинин отчету жана 2024-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча айылдык кенештин бюджет, экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн жана Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Э.Темирбаевдин 2023-жылга карата отчетун угуп, талкуулап жана 2024-жылга бюджетин карап чыгып , Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагындагы Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Э.Темирбаевдин 2023-жылга карата аткарылган иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2. Орозбеков айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга сунушталган бюджети 1-2 –тиркемеге ылайык бекитилсин( тиркеме тиркелет).

3. Орозбеков айыл өкмөтүнө мыйзам чегинде аймактын территориясында турган Учкоргон токой чарбасынын жайлоолорун келишим негизинде жайыт комитетине пайдалануу үчүн алып берүү жагы сунушталсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика , жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага : О.Ибрагимов**